| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br>**НУРМАНБЕТ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**НУРМАНБЕТ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жыл, 16-май №18/IV Красная Речка а.

**Бекитилген бюджетке өзгөртүү киргизүү жана жайыт жерлерин пайдалануу үчүн түшкөн каражаттарды колдонуу жөнүндө**

Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн түшкөн каражаттардын пландык киреше жана чыгыша мерчемдерин Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 «Бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык жана жергиликтүү бюджетке жайыт жерлерин пайдалануу үчүн келип түшкөн каражаттарды Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №54 «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин» 51-беренесинин 1,2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 2-бөлүгүнүн 27-беренесине ылайык жана «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерине ылайык, Нурманбет айылдык кеңешинин сессиясы

токтом кылат:

1. Нурманбет айыл өкөтүнүн 2024-жылга карата түзгөн бюджеттиндеги Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн түшкөн каражаттардын пландык киреше бөлүгү 137,0 миң сомго жана чыгыша мерчемдери 70429 бөлүмүнүн 2215 статьясы 137,0 миң сомго көбөйтүлсүн.
2. Нурманбет айыл өкмөтүнүн 2024-жылы бюджеттик киреше планына келип түшкөн каражаттарды Нурманбет айыл аймагындагы жайыт комитеттерине 100% кайра кайтарып берилсин.
3. Нурманбет айылдык кенешинин жооптуу катчысы Туленова Н.М.

- ушул токтомду белгиленген тартипте каттоодон өткөрсүн;
-ушул токтомдун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция Министрлигинин тиешелүү аймактык бөлүмүнө жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтом Министирлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агентигинин mkk.gov.kg сайтына жарыялансын.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Нурманбет айылдык кеңешинин бюджет комиссиясына жана Нурманбет айыл өкмөтүнүн каржы бөлүм башчысына П.С. Джумабековага жүктөлсүн.

Төрага Н.С.Бекбоева

Таркатуу: Көктөмгө – 1, Нурманбет айыл өкмөтү – 1, Ысык-Ата ММФКР – 1, катто үчүн – 1, жарыялоо үчүн – 1. Баардыгы – 5 нуска.